# КЫРГЫЗ ҮЙ БУЮМДАРЫ

Жылдыз Турпанова
Кульнар Рымбек
Миргүл Наралиева



# КЫРГЫЗ ҮЙ БУЮМДАРЫ

Текстти жазган **Жылдыз Турпанова**
Сүрөтүн тарткан **Кульнар Рымбек**
Табышмактар **Миргүл Наралиеваныкы**



Бишкек 2019

УДК 821.51-93
ББК 83.8
К 97

К 97 **КЫРГЫЗ ҮЙ БУЮМДАРЫ** / Текстти жазган Ж.Турпанова. Табышмактар М.Наралиеваныкы. Сүрөтүн тарткан К.Рымбек. – Б.: «Таалим-Форум» КФ, 2019. – 20 б.

ISBN 978-9967-15-894-8

Колдонулган булак:
Акматалиев Амантур. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү. – Бишкек., 1996.

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com
+996 (312) 298 681

Дизайнери: А. Мадлымбекова

К 4803300100-19
ISBN978-9967-15-894-8

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© «Таалим-Форум» КФ, 2019

## Урматтуу достор,

Кыргыз эли байыркы көчмөн эл болгон. Ошондуктан буюмдар көчүп-конууга ылайык жасалган. Ар бир буюмдун аткарган кызматына жараша үйдө өзүнүн орду болгон. Буюмдарга кооз оюулар түшүрүлгөн. Алар үйгө өзгөчө көрк берип турган.

Кыргыз кол өнөрчүлүгүнө көп түрдүүлүк мүнөздүү. Буюмдар териден, кийизден, жыгачтан, темирден жасалган. Чебер уздар ар бир материал менен иштөөнүн өзгөчө ыкмаларын мыкты өздөштүрүшкөн. Буюмдардын улуттук табитте жасалышы анын эң баалуу сапаты жана өзгөчөлүгү.

Байыркы замандарда эле кыргыздар жаратылышка шайкеш жашашкан. Тиричилигинде пайдаланган буюмдары жаратылышта кездешкен өңдөрдөй ачык жана ар түрдүү түстө экендиги буга күбө. Түс жана оймо-чиймелер буюмдардын жасалгасында маанилүү орунду ээлеген. Элдик оймо-чиймелерде адамдар, жаратылыш, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү, көчмөн тиричиликтин элестери чагылдырылган.

Элдик чеберлер байыртадан келе жаткан көркөм өнөрдү баалап сакташкан. Чеберчилик улам кийинки муунга мурасталып, укумдан-тукумга өтүп, өнүгүп өркүндөгөн. Ар бир муун өз мезгилине ылайык жаңылануулларды киргизип, оймо-чиймелердин түрлөрүн байытышкан жана кеңейтишкен.

Азыркы кезде да улуттук буюмдардын баалуулугу зор болгондуктан, унутта калбай жасалууда. Ата-бабалардан калган мурастарды үйрөнүп, аздектеп сактап жүрөлү!



**КУРЖУН** – өрмөктөн согулуп тигилген кош көздүү чоң баштык. Көчкөндө куржундун ичине буюмдарды салып, атка, төөгө, өгүзгө тең салмактап артышкан. Куржундун ичиндеги буюмдар түшпөш үчүн өрүлгөн жиптен беките турган илмектер жасалган. Бири-бирине илинип байланган илмектер «килит» деп аталат.



**ЖАН БАШТЫК** – керектүү буюмдар салынган баштык. Аялдар жанында алып жүргөндүктөн аны «жан баштык» деп аташкан. Баштыктар өрмөктөн же кездемеден жасалат. Ага оюу салынып же сайма сайылып коозолот.



**АЯК КАП** – идиш-аякты сала турган ашкана буюму. Көбүнчө ак жана кара кийизден шырылып жасалат. Аяк каптын бетине оюу салынып, чети чачы менен кооздолот. Ал боз үйдүн керегесине эки кулагынан илинет.




**(1) ТУТКУЧ** – кийизден кабатталып жасалган кармагыч. Кол күйбөш үчүн ысык казанды оттон чыгарууда пайдаланылат.

**(2) КАЙЧЫ КАП** – кайчы салуу үчүн кийизден жасалган кап. Көчкөндө кайчы башка буюмдарды тешип же тилип кетпеши үчүн салынган. Керегеге илгенге илмек тигилген. Коодзук үчүн анын бетине түрдүү оюулар түшүрүлгөн.



**КӨӨКӨР** – кымыз куюу үчүн эчкинин, уйдун, төөнүн терисинен жасалган идиш. Көөкөр өзгөчө коолдолуп жасалат. Көөкөрдүн формасы кыргыз оюусун элестетип турат. Териден жасалган буюмдар суу кезинде тигилген. Ал койкоюп кебин сактап калышы үчүн ичине кум салып кургатышкан. Тоборсуп калганда бетине оюу салып, кургаганда кумун төгүп салышкан. Кургаганда бекем болуп бекиген. Кымыз жакшы сакталышы үчүн көөкөрдү ыштап турган.




**(1) САБАА** – кымыз ачыта турган идиш. Ал териден жасалат. Сабаанын тигиштери суюктукту өткөрбөй тургандай болуп бышык тигилет. Абдан ышталып, майланган сабаада кымыз көпкө сакталат жана сапатын жоготпойт. Сабаа керегеге илинет. Сабаадагы кымызды бышуу үчүн бишкек колдонулат. Кымызды көпкө бышканда, кымыз бышып даамына келет.

**(2) ЧАНАЧ** – кымыз куюучу идиш. Ал туюк союлган эчкинин терисинен жасалат. Чанач менен айран, чалап да ташышкан. Чанактын көлөмү териге жараша ар түрдүү болот. Бышык болуп, азыктар бузулбашы үчүн чаначты тез-тез ыштап туруу керек.



**КӨНӨЧӨК** – ак куюучу идиш. Көнөчөктү сабаа жана чаначтан арткан териден бычып, кебин келтирип, капталына оюу түшүрүп, ыштап жасашат. Көнөчөктүн оозу бир аз кууш келет. Баканга илүү үчүн аттын жал-куйрук кылдарынан боо эшилип тагылат.



**САНДЫК** – жыгачтан жасалган буюм. Сандыкка кийим-кечелер, асыл буюмдар салынган. Сандыктын бети түрдүү оюулар менен кооздолгон. Көчкөндө аркан өткөрүп байлаганга ыңгайлуу болгон.



**АЯКТАР** – жыгачтан жасалган идиштер. Талдан жасалган аяктар бышык келип, оюп кесүүгө ыңгайлуу болгон. Аяк бышык болушу үчүн жыгачты кайнатып, сары суу менен чайырдан тазалап алышкан. Кургаганда идишти отко кактап, майга салып, кайнатып коюшкан. Идиштер түрдүү тамак-аштарды салып колдонууга ылайык ар кыл формада жасалган.




**(1) АЯК ТАБАК** – жыгачтан жасалган жалпак идиш. Ага эт чыгарылган.

**(2) СУЗГУ** – тамакты сузуу, сапыруу, куюу үчүн жыгачтан оюп жасалган. Узун саптуу, ичи чуңкур, жыгач кашык сымал жасалат.

**(3) ДЕПКИР** – боорсок бышырууга ылайыктап жасалган сузгунун бир түрү.

**(4) ЧЕҢГЕЛ** – кайнап жаткан этти оодаруу жана аны чыгаруу үчүн колдонулган жыгач саптуу, эки же үч тиштүү темирден жасалган буюм.

**(5) ЖЫГАЧ КАШЫК** – тамак ичүү үчүн жыгачтан оюп жасалган кашык.



**ЧЫНЫ КАП** – чыны салгыч куту. Көчүп-конууда чыны сынбашы үчүн ага салынган. Ал талдан, табылгыдан ийилип жасалган. Чыны кап тегерек болуп, бетине оюу салынып коофдолгон. Чыны каптын капкагы кайыш аркылуу эки кулагына бекитилген.





**КАЗАН** – чоюндан жасалган идиш. Казан отко асып тамак бышырууда колдонулган. Тегерек түбүнө от тегиз тиет. Казан калың болгондуктан тамак көпкө ысык сакталат.



**КУМГАН** – бетти, колду жууш үчүн суу куюлган идиш. Кумган жезден жасалган. Кулагы, чоргосу өзгөчө койкоюп кооз.



1



2

**(1) ЖАРГЫЛЧАК** – кичинекей кол тегирмен. Жаргылчак менен арпа, буудай, жүгөрү, таруунун данын тартып, ун, талкан кылышкан. Жаргылчактын астыңкы ташы тегеренбейт. Үстүңкү ташын жыгач туткасы менен айлантып данды майдалайт. Ортодогу чуңкуруна уучтап дан салынат. Тартылып майдаланган дан жаргылчактын алдына салынган териден жасалган супарага түшөт.

**(2) ЖЫГАЧ ТАБАК** – жыгачтан жасалган идиш. Анын ичинде жаргылчакка тартыла турган буудайдын даны салынып турат.

# ТАБЫШМАКТАР

Биздин ата-бабалар
Көчмөн болуп жашаган.
Темир, кийиз, териден
Буюмдарын жасаган.

Бул буюмдар эмесе
Табышмакта катылат.
Жообун силер бергиле –
Ал эмне деп аталат?

**1.** Көчкөн кезде эң керек
Буюм-тайым салынат.
Эки көздүү бул баштык
Тай, кунанга артылат.

**2.** Баардык идиш-аяктар
Бул нерсеге салынат.
Ал кийизден жасалып,
Четине чачы тагылат.

**3.** Салып алып керектүү
Буюмдарын жанына
Көтөрүшкөн апалар
Колдорунда дайыма.

**4.** Жасалат ал жыгачтан
Тик бурчтуу чоң куту.
Кийим-кече кайтарат
Боорундагы бир кулпу.

**5.** Ашатылып бул тери
Майлап анан ышталат.
Керегеге илинип,
Ага кымыз бышылат.

**6.** Ысык отко чыдамдуу
Чоюндан ал жасалат.
Даярдалып даамдуу
Тамак-аштар асылат.

**7.** Ыштап эчки терисин
Идиш кылып коюшкан.
Кымыз куюп жайкысын
Жайлоодон кымыз ташышкан.

**8.** Илгерки кол тегирмен
Данды майда майдалайт.
Арпа, буудай, жүгөрү
Ун, талканга айланат.

**9.** Бул идиштин негизи
Уйдун, төөнүн териси.
Элибиздин эң бир кооз
Кымыз куйган идиши.

**10.** Сынбасын деп көчкөндө
Ары-бери термеле.
Салып бекем катышкан
Чыныларын эмнеге?

**11.** Бул идишке толтуруп
Кымыз, сүттү куюшкан.
Илүү үчүн баканга
Боо тагылат кайыштан.

**12.** Абдан ысык казанды
Оттон алып чыгарда
Кулактарын кармагыч –
Эмне экенин тап анда!

**13.** Көпчүлүккө суу куюп,
Элпек бала бата алат.
Жезден ийип жасалат –
Мунун атын ким табат?




Табышмактардын жандырмагын таап жазгыла. Канчанчы табышмак экенин сан менен белгилегиле.













## Китепти окугандан кийин төмөнкү суроолорго жооп бергиле:

1. Китепке кандай жаңы ат коёт элең?
2. Бул үй буюмдарын көрдүң беле? Кайсы буюмдар сага тааныш?
3. Китептеги кайсы буюм силердин үйдө бар? Аны колдоносуңарбы?
4. Кайсы буюмдар менен жаңы тааныштың?
5. Кайсы маалыматтар эң кызыктуу болду?
6. Жактырган буюмдар жөнүндө сүрөттөп айтып бер.
7. Жаңы сөздөр көп кездештиби? Маанисин кантип түшүндүң?
8. Сүрөттөр тексттин маанисин ачтыбы? Кайсы сүрөт сага жакты?
9. Үй буюмдары тууралуу дагы эмнелерди билгиң келет?
10. Кыргыздын үй буюмдары жөнүндө көбүрөөк маалыматты кайдан алууга болот?

**КЫРГЫЗ
ҮЙ БУЮМДАРЫ**

Текстти жазган *Ж.Турпанова.*
Табышмактар *М.Наралиеваныкы.*
Сүрөтүн тарткан *К.Рымбек.*
Дизайнери: *А.Мадлымбекова.*

Заказ № 1992. Нускасы 1000.
«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көчөсү, 1

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - **4.1 деңгээли**
  - 4.2 деңгээли

USDA

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MERCY CORPS

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» Программасынын алкагында басылып чыгып, таркатылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.